№103
(3552)
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Шаршемби,
2023-жылдын
27-декабры

www.erkin-too.kg

Атайын чыгарылыш ♦ Специальный выпуск

# ЕВРАЗИЯ ЭКОНОМИКАЛЫК КЕҢЕШИНИН АРЫШЫ КЕҢЕЙҮҮДӨ



Президент Садыр Жапаров Санкт-Петербург шаарында Жогорку Евразия экономикалык кеңешинин (ЖЕЭК) отурумуна катышты.

Иш-чара Россия Федерациясынын Президенти Владимир Путиндин төрагалыгы астында, Армения Республикасынын Премьер-министри Никол Пашинян, Беларусь Республикасынын Президенти Александр Лукашенко, Казакстан Республикасынын Президенти Касым-Жомарт Токаевдин катышуусунда өттү.

Отурумдун жүрүшүндө 2030дан 2045-жылга чейинки мезгилде ЕАЭБдин катышуучуларынын интеграциясын өнүктүрүүнүн негизги милдеттери жана багыттары, 2024-жылга карата ЕАЭБдин эл аралык чөйрөдөгү ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары, катышуучу өлкөлөрдүн 2024-2025-жылдарга макроэкономикалык саясатынын негизги максаттары жана көрсөткүчтөрү ж. б. маселелер каралды. Мындан тышкары, Жогорку Евразия экономикалык кеңешинин отурумунун алкагында ЕАЭБ өлкөлөрү Иран менен эркин соода жөнүндө толук форматтуу макулдашууга кол коюшту.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК СЫЙЛЫКТАРЫ МЕНЕН СЫЙЛОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

## ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык, интеллектуалдык жана маданий потенциалын өнүктүрүүгө кошкон олуттуу салымы, ошондой эле кесиптик ишиндеги чоң жетишкендиктери үчүн:

**сыйлансын:**
**III даражадагы "Манас" ордени менен:**

**Базарбаев Кудайберген Базарбаевич** – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин директору; **Субанбеков Бакирдин Жамалович** – коомдук ишмер;

**"Данакер" ордени менен**

**Масабиров Талайбек Айтматович** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты;

**"Даңк" ордени менен:**

**Абдыкадыров Эмилбек Мырзакулович** – Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү; **Боромбаев Асан** – Ош облусунун Кара-Кулжа районунун "Кулун-Ата" коругунун мамлекеттик директору; **Камбарова Зинагуль Орозгазиевна** – Ысык-Көл облусунун Каракол шаарынын Н.М.Пржевальский жана К.Карасаев атындагы мемориалдык музей-комплексинин директору; **Какеев Марат Саламатович** – "Бакай Банк" ачык акционердик коомунун башкармасынын төрагасынын биринчи орун басары, Бишкек шаары; **Мураталиев Тентимиш** – М.Куреңкеев атындагы Кыргыз мамлекеттик музыкалык окуу жайынын окутуучусу; **Назаралиева Салтанат Болсунбековна** – Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Эне жана баланы коргоо улуттук борборунун башкы врачынын орун басары; **Новиков Артем Эдуардович** – Россия-Кыргыз өнүктүрүү фондунун башкармасынын төрагасы; **Ормонов Улугбек Зулпукарович** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты;

**"Достук" ордени менен**

**Шестаков Василий Борисович** – Эл аралык самбо федерациясынын жана дене тарбия жана "Самбо" спортун өнүктүрүү боюнча эл аралык коомдук фондунун президенти;

**ыйгарылсын:**
**"Кыргыз Республикасынын эл артисти"**
**деген ардактуу наам:**

**Асанбеков Нурлан Аскаровичке** – М.Жангазиев атындагы Кыргыз мамлекеттик куурчак театрынын көркөм жетекчиси; **Базарбаева Айшага** – Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын К.Орозов атындагы академиялык эл аспаптар оркестринин артисти; **Кыдыралиев Догдурбек Искаковичке** – киноактер;

**"Кыргыз Республикасынын эл жазуучусу"**
**деген ардактуу наам**

**Иманалиев Кайрат Олжобаевичке** – драматург, Кыргыз Республикасынын Улуттук жазуучулар союзунун жана Кыргызстан театр ишмерлер союзунун мүчөсү;

**сыйлансын:**
**"Даңк" медалы менен:**

**Абдыкапаров Асанбек** – Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук органдарынын ардагери; **Арабаев Автандил Анисович** – Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Стратегиялык изилдөөлөр улуттук институтунун илимий кызматкери; **Дооров Абдилаат Алиевич** – Баткен облусунун Лейлек районунун "Ата Журт" райондук гезитинин редактору; **Зайнидинов Кубаныч Кошбакович** – Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин катчылыгынын инспектору; **Ибраимова Айгүл Асановна** – врач-офтальмолог, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы тез жардам берүү клиникалык ооруканасынын бөлүм башчысы; **Кенджебаев Нурлан Садыбакасович** – Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук органдарынын ардагери; **Коомбаев Абдиш Абазович** – Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин катчылыгынын башчысы; **Мамбетакунова Гульбара Токтосуновна** – Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын ыр жана бий ансамблинин солисти; **Мейменалиев Нурбек Абдылакатович** – "Жагалмай" жоопкерчилиги чектелген коомунун башкы механиги, Кара-Көл шаары, Жалал-Абад облусу; **Нурматов Бактыяр Арпачиевич** – "Жагалмай" жоопкерчилиги чектелген коомунун автогрейдер машинисти, Кара-Көл шаары, Жалал-Абад облусу; **Осмоналиева Жаркынай Касымбаевна** – Чүй облусунун Токмок шаарындагы №5 орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими; **Султанбекова Бүкен** – Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын ардагери; **Ташиев Шаирбек Кыдыршаевич** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты; **Туркбаев Пазылбек Борубаевич** – Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин өзгөчө кырдаалдарда коргоо жана экология кафедрасынын доценти; **Үсөнов Акиш** – Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын ардагери; **Харламов Александр Владимирович** – Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу "Кыргызгеология" мамлекеттик ишканасынын геофизика башкармалыгынын каротаж отрядынын начальниги;

**ыйгарылсын:**
**"Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти"**
**деген ардактуу наам:**

**Абдыкадырова Тамара Мамытовнага** – Н.Шамурзаев атындагы Ош облустук куурчак театрынын жогорку даражадагы артисти; **Азизова Кымбатбүбү Шаабаевнага** – Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районунун "Боз-Салкын" элдик ыр жана бий ансамблинин солисти; **Жунушалиев Сталбек Жеңишбековичке** – А.Малдыбаев атындагы Ленин ордендүү Кыргыз улуттук академиялык опера жана балет театрынын хор артисти;

**"Кыргыз Республикасынын**
**эмгек сиңирген врачы"**
**деген ардактуу наам:**

**Абышова Канымканга** – Ысык-Көл облусунун Тоң районунун Кара-Талаа айылынын үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун жетекчиси; **Бакиров Ысламидин Жаныбаевичке** – Ош облусунун Чоң-Алай районунун А.Молдоболотов атындагы Жалпы дарыгердик практика борборунун директору; **Бошкоев Жусуп Бейшекадыровичке** – Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин госпиталдык хирургия кафедрасынын профессору; **Давлетова Садат Бакировнага** – Ысык-Көл облусунун Балыкчы шаардык ооруканасынын балдар бөлүмүнүн башчысы; **Ибраев Шергазы Иманалиевичке** – Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Ысык-Көл облустук бириккен ооруканасынын хирург врачы; **Мамакеев Канат Мамбетовичке** – Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук хирургия борборунун директору; **Молдоканова Аида Тентимишовнага** – Бишкек шаарынын Ленин районунун №1 үй-бүлөлүк медицина борборунун үй-бүлөлүк врачы; **Нурбаев Алтынбек Жолдошевичке** – И.К.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын ортопедиялык стоматология кафедрасынын профессорунун милдеттерин аткаруучу; **Самаков Алмаз Асанбековичке** – И.К.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын академик М.М.Мамакеев атындагы оперативдик хирургия курсу менен госпиталдык хирургия кафедрасынын доценти; **Сатткеева Айтбүбү Жантайбековнага** – С.Б.Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунун пластикалык хирургия цикли менен кечиктирилгис хирургияга жана гинекологияда шашылыш анестезиология доценттик курсунун доцентинин милдеттерин аткаруучу; **Сулайманов Сатимкул Батырбековичке** – Эл аралык жогорку медициналык мектебинин пропедтерапия жана үй-бүлөлүк медицина кафедрасынын ассистенти; **Темиралиева Нурүйла Ильязовнага** – Ысык-Көл облустук бириккен ооруканасынын бөлүмүнүн башчысы; **Турдубекова Букенге** – Нарын облусунун Ак-Талаа районунун жалпы дарыгердик практика борборунун окулист-врачы; **Усенбаев Нурболот Толошовичке** – Карантиндик жана өзгөчө коопту инфекциялар борборунун директорунун орун басары; **Эргешова Айнура Мажитовнага** – С.Б.Данияров атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык кайра даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу институтунун оториноларингология жана офтальмология боюнча адистештирилген хирургиялык жардам кафедрасынын доцентинин милдеттерин аткаруучу; **Эгемкулов Абдукаримге** – Баткен облусунун Кызыл-Кыя шаарынын жалпы дарыгердик практика борборунун травматолог- врачы;

**"Кыргыз Республикасынын эмгек**
**сиңирген куруучусу"**
**деген ардактуу наам:**

**Курманбеков Осмонкул Капаровичке** – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин Архитектуралык-курулушту контролдоо департаментинин Ош шаары боюнча мамлекеттик архитектуралык-курулушту контролдоо башкармалыгынын улук инспектору; **Ормонов Кубанычбек Калыевичке** – Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу "Кыргызжолтрансдолбоор" долбоорлоо-изилдөө институту" мамлекеттик ишканасынын башкы директорунун орун басары; **Токтомамбетов Изатбек Дербишевичке** – "Kyrgyz TREC International" (Кыргыз ТРЭК Интернэшнл) консалтинг компаниясы" жоопкерчилиги чектелген коомунун жол инженери, Бишкек шаары; **Эргешов Байсалбек Базарбековичке** – "Оптима" курулуш компаниясы" жоопкерчилиги чектелген коомунун башкы директорунун кеңешчиси, Бишкек шаары;

**"Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими"**
**деген ардактуу наам:**

**Алишов Абдуллага** – Ош облусунун Кара-Суу районунун Х.Таширов атындагы №72 орто мектебинин дене тарбия мугалими; **Алымбекова Токтобүбүгө** – Чүй облусунун Аламүдүн районунун Пригород жалпы билим берүү орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими; **Бегалиева Шайырга** – А.Каниметов атындагы №1 жалпы билим берүүчү гимназия-интернатынын ардагери, Бишкек шаары; **Доoранова Фаридага** – Профессор А.Молдокулов атындагы Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейинин биология мугалими; **Дүйшеналиева Райкан Абдиловнага** – Чүй облусунун Чүй районунун Маданият айылындагы Б.Маленов атындагы орто мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими; **Кайдылдаева Гульнарага** – Нарын облусунун Нарын шаарынын В.П.Чкалов атындагы №2 мектеп-гимназиясынын башталгыч класстардын мугалими, директордун орун басары; **Салиев Абдилдага** – Ош облусунун Ноокат районунун Токтогул атындагы санаториялык мектеп-интернатынын ардагери;

**"Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген юристи"**
**деген ардактуу наам:**

**Бокошов Султан Жамгырбековичке** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот-укук маселелери жана Жогорку Кеңештин Регламенти боюнча комитетинин бөлүмүнүн башчысы; **Кудаяров Жылдызбек Үсөновичке** – Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин сот приставдар кызматынын ишин уюштуруу жана контролдоо башкармалыгынын начальниги; **Рыбалкина Антонина Дмитриевнага** – Кыргыз Республикасынын сот системасынын ардагери;

**"Кыргыз Республикасынын эмгек**
**сиңирген экономисти"**
**деген ардактуу наам:**

**Акжолтоев Нурбек Жапыкеевичке** – "Эляй" жоопкерчилиги чектелген коомунун уюштуруучусу, финансылык директору, Бишкек шаары; **Акматов Токтобек Акматовичке** – Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын ардагери; **Батырбекова Сыйнагүл Абдымомуновнага** – Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигинин макроэкономикалык саясат башкармалыгынын макроэкономикалык болжолдоо бөлүмүнүн башчысы;

**"Кыргыз Республикасынын маданиятына**
**эмгек сиңирген ишмер"**
**деген ардактуу наам:**

**Коробаева Бубуга** – Ысык-Көл облусунун Каракол шаарынын Ы.Туманов атындагы Мамлекеттик музыкалык окуу жайынын окутуучусу; **Мадаминова Мукарамахан Токтосуновнага** – Ош шаарынын П.И.Чайковский атындагы искусство мектебинин директору; **Токтоев Сталбек Кудисовичке** – сүрөтчү, И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин окутуучусу;

**"Кыргыз Республикасынын илимине**
**эмгек сиңирген ишмер"**
**деген ардактуу наам:**

**Карабукаев Кадыркул Шаршеевичке** – "Кыргыз илимий жана билим берүү компьютердик тармагы" ассоциациясынын аткаруучу директору, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын жетектөөчү илимий кызматкери; **Каратаев Олжобай Кубатбековичке** – Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Тарых жана чөлкөм таануу институтунун профессору; **Козубаев Өскөнбайга** – Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академик А.Алтымышбаев атындагы философия институтунун бөлүм башчысы;

**"Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызматына**
**эмгек сиңирген кызматкер"**
**деген ардактуу наам:**

**Алымкулова Эльмира Насипкуловнага** – Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин аппарат жетекчиси; **Султаналиев Туруспек Оморовичке** – Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн кеңешчиси; **Үсенова Эльмира Валентиновнага** – Кыргыз Республикасынын Президентинин иш башкаруучусунун орун басары; **Эсенаманова Салтанат Кадыровнага** – Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын ардагери;

**"Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоосуна**
**эмгек сиңирген кызматкер"**
**деген ардактуу наам:**

**Асанов Сурапбек Исаковичке** – Талас облусунун Бакай-Ата районунун жалпы дарыгердик практика борборунун үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун тез жардамынын фельдшери; **Куттубаев Омурбек Ташыбековичке** – профессор, И.К.Ахунбаев атындагы Кыргыз мамлекеттик медициналык академиясынын медициналык биология, генетика жана паразитология кафедрасынын башчысы;

*(Уландысы 3-бетте)*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК СЫЙЛЫКТАРЫ МЕНЕН СЫЙЛОО ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

## ЖАРЛЫГЫ

*(Башталышы 2-бетте)*

**"Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусуна эмгек сиңирген кызматкер" деген ардактуу наам:**

**Акназаров Маматибраимге** – Ош облусунун Өзгөн районунун Жылалды айылдык кеңешинин төрагасы; **Майтикова Чынар Намарбековнага** – Бишкек шаарынын мэриясынын билим берүү департаментинин башкы адиси;

**"Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер" деген ардактуу наам:**

**Азылов Нурланбекке** – Эл аралык Мета-илим университетинин мамлекеттик тил жана тарбиялык иштер боюнча проректору; **Омуров Намир Бексултановичке** – С.Турсунов атындагы Бишкек агроэкономикалык колледжинин тарых боюнча окутуучусу; **Садыбакасова Гулай Курманбековнага** – Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин медицина факультетинин микробиология жана вирусология кафедрасынын башчысы; **Сыдыкова Гулбара Бектургановнага** – Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин инвестиция боюнча проректору; **Таирова Айнагүл Эркебаевнага** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппаратынын котормо, редакциялоо жана лингвистикалык кызмат бөлүмүнүн башчысы; **Узенбекова Улбүбүгө** – Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын ардагери; **Чолбаева Сагынбүбү Джумабековнага** – М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университетинин эл аралык финансы жана экономикалык коопсуздук кафедрасынын башчысы; **Шаршеев Асанкан Шаршеевичке** – К.Көлбаев атындагы Бишкек автомобиль-жол колледжинин окутуучусу;

**"Кыргыз Республикасынын байланышына эмгек сиңирген кызматкер" деген ардактуу наам:**

**Карамурзаев Абдыгапар Алиевичке** – "Кыргызтелеком" ачык акционердик коомунун Чүй облустук филиалынын башкы директорунун кеңешчиси;

**"Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер" деген ардактуу наам:**

**Бабакулов Манасбекке** – Кыргыз Республикасынын Ветеринардык статуардык органынын директорунун кеңешчиси; **Кожогулов Нурланбек Жамалидиновичке** – Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Айыл чарбаны механизациялоо, инновациялык технологиялар жана кооперациялар департаментинин директору; **Максутов Асылбекке** – "Капкан Таш" айыл чарба кооперативинин жетекчиси, Кара-Кулжа району, Ош облусу; **Самыкбаев Аманбай Калкановичке** – К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин гидромелиорация, экология жана жерге жайгаштыруу факультетинин деканы; **Сокеев Темурбекке** – Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин Чүй райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыгынын жетектөөчү адиси; **Шамиев Салтанат Мусаевичке** – "Ысык-Көл айылдык кеңеш кызматы" коомдук фондунун менеджери, Каракол шаары, Ысык-Көл облусу;

**"Кыргыз Республикасынын өнөр жайына эмгек сиңирген кызматкер" деген ардактуу наам:**

**Абдураимов Жарасул Осмоналиевичке** – "Кыргызиндустрия" ачык акционердик коомунун президенти, Бишкек шаары; **Ибраев Таалайбек Өмүкеевичке** – Кыргыз Республикасынын энергетика министри; **Ирсалиев Рахатбек Молдобековичке** – "ЮНИС Курулуш" жоопкерчилиги чектелген коомунун директору, Бишкек шаары; **Тынаев Айдарбек Асановичке** – "Кыргызстан улуттук электр тармагы" ачык акционердик коомунун Ысык-Көл электр тармактары ишканасынын директору;

**"Кыргыз Республикасынын геология кызматына эмгек сиңирген кызматкер" деген ардактуу наам**

**Усубалиев Туратбек Эдуардовичке** – "Кыргыз Логистик Сервис" жоопкерчилиги чектелген коомунун жер үстүндөгү тоо-кен казып алуу жана жүктөө-транспорттук иштер департаментинин директору, Бишкек шаары;

**"Кыргыз Республикасынын калкты тейлөө чөйрөсүнө эмгек сиңирген кызматкер" деген ардактуу наам:**

**Алтымышев Кемелбек Амантаевичке** – Бишкек шаарынын мэриясынын "Бишкексууканал" өндүрүштүк-эксплуатациялык башкармалыгынын сууну бөлүштүрүү кызматынын начальниги; **Джумаева Бактыгүл Медербековнага** – Кыргыз Республикасынын коомчулукту өнүктүрүү жана инвестициялоо агенттигинин Нарын облусунун Нарын районунун координатору;

**"Кыргыз Республикасынын транспортуна эмгек сиңирген кызматкер" деген ардактуу наам:**

**Гапаров Калтөрө Кайымовичке** – Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигине караштуу Жерде жүрүүчү жана суу транспорту департаментинин Баткен аймактык башкармалыгынын начальниги; **Сулайманов Деңиз Зарлыковичке** – Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин ардагери;

**"Кыргыз Республикасынын Жарандык коргонуусунун мамлекеттик тутумунун эмгек сиңирген кызматкери" деген ардактуу наам**

**Кушбаков Дамирбек Шамшидиновичке** – Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу калдык сактоочу жайлар менен иштөө боюнча департаментинин директору;

**Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйлансын:**

**Абдиева Сайра Жолдошбековна** – Нарын облусунун Кочкор районунун Кызыл-Дөбө айылындагы орто мектебинин математика мугалими; **Абдыжапар уулу Мундузбек** – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Котормо борборунун директору; **Ажекбаров Каныбек** – Евразия экономикалык комиссиясынын макроэкономикалык саясат департаментинин директорунун орун басары; **Айтиев Абдималик Акпаралиевич** – "Бинур Строй" жоопкерчилиги чектелген коомунун аткаруучу директору, Бишкек шаары; **Акаев Каныбек Муталиевич** – "Бакай Ата" компаниялар тобунун башкы директору, Новосибирск шаары, Россия Федерациясы; **Акешов Азамат Жээнбекович** – Бишкек шаардык №1 клиникалык ооруканасынын №2 хирургия бөлүмүнүн башчысы; **Акылбеков Субанкул** – Баткен облусунун Баткен районунун С.Кожобаев атындагы Самаркандек гимназия-жатак мектебинин физика мугалими; **Аламанова Салкын Бектемировна** – Чүй облусунун Сокулук районунун Орок жалпы орто билим берүү мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими; **Аматов Рысбай Аматович** – Бишкек шаардык кеңешинин депутаты; **Арзыбаева Асель Субаналиевна** – Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин канцеляриясынын иш кагаздарын жүргүзүү секторунун эксперти; **Арзыматова Саадаткан** – Ош облусунун Алай районунун жалпы дарыгердик практика борборунун үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун үй-бүлөлүк врачы; **Асаналы уулу Нурбек** – Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы – Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчисинин, Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басарларынын катчылыгынын спичрайтери; **Атакулов Эсеналы Шаршеналиевич** – "Дастан" трансулуттук корпорациясы" ачык акционердик коомунун энергия-механикалык бөлүмүнүн өрт жөндөөчүсү; **Бабаев Алтынхан Кушбекович** – Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын маалыматтык саясат кызматынын эксперти; **Бакирова Светлана Омурбековна** – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин кадрлар жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмүнүн башкы адиси; **Бекташов Мелис Бекташович** – "ЭМГ строй" жоопкерчилиги чектелген коомунун башкы директору, Бишкек шаары; **Даутов Ялкун Умержанович** – К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин административдик-укуктук жана экономикалык иштер боюнча проректору; **Какешов Эсенжан Дайрабаевич** – "Эдельвейс Конструкцион" жоопкерчилиги чектелген коомунун директору, Бишкек шаары; **Караева Нуркыз Дуйшонбековна** – Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын "Замана" программалар студиясынын баяндамачысы; **Карыбаева Асель Сакешевна** – Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кадрларды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу институтунун доценти; **Кенжебаев Аманкан Батырбекович** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты; **Косенко Виктор Борисович** – "Авиа Траффик Компани" жоопкерчилиги чектелген коомунун башкы директорунун орун басары – техникалык директору; **Кочеткова Елена Борисовна** – Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу "Кыргызгеология" мамлекеттик ишканасынын гидрогеология башкармалыгынын жер астындагы суулардын абалына мониторинг жүргүзүү отрядынын гидрогеологу; **Кужелев Фёдор Николаевич** – "Дастан" трансулуттук корпорациясы" ачык акционердик коомунун №10 цехинин механикалык жыйноочу жумушчулардын слесары; **Ли Андрей Геннадьевич** – Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин башкы куралдануу башкармалыгынын башчысы; **Мамытова Нуржамал Джаныбековна** – Бишкек шаарынын Свердлов районунун балдар чыгармачылык борборунун окутуучусу; **Матыев Кумарбек Масыркулович** – Т.Тыныбеков атындагы Жалал-Абад облустук филармониясынын фольклордук-этнографиялык ансамблинин артисти; **Мендешева Дженишкуль Ургазиевна** – Ысык-Көл облустук бириккен ооруканасынын рентгенология бөлүмүнүн башчысы; **Мойдинов Исламбек Жанышович** – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттигинин директорунун биринчи орун басары; **Мураталиев Марат Молдонович** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты; **Насыпбек уулу Нурланбек** – эстрада ырчысы, композитор жана мелодист; **Ногаев Уланбек Мелисович** – "РСК банк" ачык акционердик коомунун башкармасынын төрагасы; **Нуралиева Орозбүбү Илиязовна** – Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ак-Талаа финансы башкармалыгынын жетектөөчү адиси-бухгалтери; **Раимжан кызы Жумагүл** – Р.Абдыкадыров атындагы Ош облустук филармониясынын эстрада тобунун артисти; **Рысбеков Бакыт Токталиевич** – Кыйноолорду жана башка катаал адамкерчиликсиз же кадыр баркты басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук борборунун директору; **Садыкбек кызы Жайнагүл** – И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин мамлекеттик тил, жаштар саясаты жана спорт боюнча проректору; **Сартбаева Динара Каратаевна** – М.Күрөңкеев атындагы Кыргыз мамлекеттик музыкалык окуу жайынын фортепиано боюнча окутуучусу; **Султанов Мирлан Кушчубаевич** – "Айыл банк" ачык акционердик коомунун казына башкармалыгынын начальниги; **Тентимишева Динара Насрединовна** – Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын бажы төлөмдөр жана тарифтик жөнгө салуу башкармалыгынын начальниги; **Тепеев Кычан Курманбекович** – Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Бишкек шаары боюнча башкармалыгынын сегизинчи адистештирилген өрткө каршы-куткаруу бөлүгүнүн командa башчысы; **Тикибаев Казбек Табалдыевич** – Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районунун жалпы дарыгердик практика борборунун амбулатордук иштери боюнча директордун орун басары; **Токторбаев Жеңишбек Шермаматович** – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты; **Турусбеков Бакытбек Тумарович** – Т.Сатылганов атындагы Кыргыз улуттук филармониясынын көркөм коюу бөлүмүнүн башчысы; **Узакбаев Болотбек Узакбаевич** – Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин даярдоо боюнча башкармалыгынын уюштуруу иштери жана аймактар менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнүн мамлекеттик инспектору; **Уракунова Бегайым** – Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районунун Жалпы дарыгердик практика борборунун "Шахта Жыргалаң" фельдшердик-акушердик пунктунун башчысы; **Черникова Вера Михайловна** – Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын "Ала-Тоо 24" телеканалынын шеф-редактору; **Чернышева Нина Викторовна** – Ч.Айтматов атындагы Мамлекеттик улуттук орус драма театрынын артисти; **Чөкөнбаева Майрамбү Орозмамбетовна** – Жалал-Абад облусунун Тогуз-Торо районунун Каргалык айыл өкмөтүнүн социалдык жана маданий маселелер боюнча жетектөөчү адиси; **Чыныбаева Айжан Адамкалиевна** – "Эко Деми" коомдук фондунун уюштуруучусу.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С.Н.ЖАПАРОВ**

***Бишкек шаары, 2023-жылдын 18-декабры, №345 ПЖ***

ЭРКИН-ТОО
Гезит ээси: КР Министрлер Кабинети
**Биздин реквизиттер:** р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596
ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

Башкы редактор
АСАНБАЕВ
Нарлы
Камбаралиевич

**Кабылдама**
**62-38-75**

Башкы редактордун 1-орун басары
КАЛЫКОВ Шекербек – 62-38-77
Башкы редактордун орун басары
ДЫЙКАНОВА Жылдыз – 62-38-78

Жооптуу катчы
КУЛАТАЕВА Бактыгүл - 62-38-71

**Бөлүмдөр:**
Саясат, укук жана экономика бөлүмү – 66-22-27
Маданият, адабият жана спорт бөлүмү – 62-38-71
Жарнама жана аймактар менен иштөө бөлүмү – 62-19-06 факс
Уюлдук тел.: (0705) 11-75-87
(0773) 11-75-87

Веб-сайт – 62-18-64
Коммерциялык бөлүм – 62-18-66
"Нормативдик актылар" журналы – 62-38-71
Башкы эсепчи – 62-38-73
Компьютердик борбор – 62-38-74

Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.

**Жарнамалардын мазмунуна редакция жооп бербейт.**
Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин-Тоо" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет.
Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.

**Биздин дарегибиз:**
Бишкек шаары, 720040,
Абдумомунов көчөсү, 193.

**erkintoo@mail.gov.kg**

● Юстиция министрлигинен берилген каттоолуу күбөлүгү №592

Жумасына эки ирет:
шейшемби, жума
күндөрү чыгат.

**Индекси: 68451**

"Учкун" ААКнын басмаканасында басылды.
Буйрутма №1046. Нускасы 4289
Басууга 26.12.2023-ж. саат 20.00дө берилди
Сатык келишим баада

ИШ ЖУМА
www.erkin-too.kg



# БИРГЕЛЕШКЕН АРАКЕТТИН АКЫБЕТИ

***Россия Федерациясынын Санкт-Петербург шаарында өткөн Жогорку Евразия экономикалык кеңешинин кезектеги жыйынында Президент Садыр Жапаров сөз сүйлөдү.***

Мамлекет башчысы глобалдык геоэкономикалык чакырыктардын, дүйнөлүк соодадын өзгөрүп турган шарттарынын терс таасиринин абдан күчөшүнө карабастан, өтүп бара жаткан жылы ишибиздин дээрлик бардык багыттары боюнча Биримдик интеграцияны камсыз кыла алганын белгиледи.

“Биргелешкен аракеттердин аркасында биз макроэкономикалык туруктуулукту жана каржы системасынын бекемдигин камсыз кылдык. Биримдиктин экономикасы жаңы шарттарга ийгиликтүү ыңгайлашып, туруктуу өсүү траекториясына чыкты. Биримдиктин азык-түлүк коопсуздугун бекемдөө жана өздүк өндүрүштүк потенциалды өнүктүрүү боюнча биргелешкен иштер улантылууда” - деди Президент.

Отурумдун жыйынтыгы боюнча бир катар документтерге кол коюлду.

# КООПСУЗДУКТУ КАМСЫЗДОО – ЭҢ БАШКЫ МИЛДЕТ

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров жаңы жыл жана майрам күндөрү коомдук тартипти сактоого жана коомдук коопсуздукту камсыздоого тартылган ички иштер органдарынын гарнизондук саптык тизимине катышты.***



“Ар бир милиция бөлүмдөрүнө атайын камералар орнотулуп, катардагы кызматкерлерге төш-камералары берилди. Ар бир жарандын коопсуздугун камсыздоо үчүн санариптик технологиялар киргизилди. Акыркы 2 жылда 300дөн ашуун автотранспорт сатып алынып, ар бир райондук, шаардык ички иштер бөлүмдөрүндөгү унаалар жаңыланды. Бүгүнкү күндө 36 жаңы унаа Ички иштер министрлигине өткөрүлүп берилди, жакынкы аралыкта дагы 50 жаңы унаа келет”, - деп кошумчалады Акылбек Жапаров.

Сөз соңунда Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров жаңы жылдык майрамдарда 10 миңден ашуун укук коргоо кызматкерлери коопсуздукту камсыздарын билдирди.



## ЭКИ ТАРАПТАГЫ МАШИНАЛАР БОШОТУЛДУ

Кыргызстан менен Тажикстандын аймактарында кармалып турган жүк ташыган машиналар алмашуу жолу менен бошотулганын Президенттин Баткен облусундагы өкүлчүлүгү маалымдады. Алмашуу жөнүндө КР Президентинин ыйгарым укуктуу өкүлү Абдикарим Алимбаев менен Тажикстандын Согд облусунун аткаруу бийлигинин төрагасы Раджоббой Ахмадзода 25-декабрдагы жолугушуусунда макулдашкан. Натыйжада Тажикстанга Кыргызстан төрт, ал эми Кыргызстанга коңшу өлкө беш жүк ташуучу машина өткөрүп берген. Чектеш айылдардын тургундарына таандык бул автоунаалар былтыркы куралдуу жаңжал учурунда түрдүү себептер менен калып кеткен. Баткен облустук администрациясынын маалыматына ылайык, эки өлкөнүн аймагында кармалып турган унааларды кайтаруу тапшырмасы Улуттук коопсуздук комитетинин төрагасы Камчыбек Ташиевдин тапшырмасына ылайык ишке ашырылды.

## ЖАҢЫ ЖЫЛДЫК ЭС АЛУУ 7 КҮНГӨ СОЗУЛАТ

Кыргызстандын Министрлер Кабинети Жаңы жыл, Нооруз жана май айындагы майрамдардагы эс алуу күндөрүн жылдыруу боюнча токтом кабыл алды. Ага ылайык, мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар үчүн 1-январдан 7-январга чейин эс алуу деп жарыяланды. Ортодогу беш иш күнү түрдүү дем алыш күндөрүнө алмаштырылды. Атап айтсак, 2-январдагы иш күнү үчүн 8-январдагы дем алыш күнү иш болот. 3-январь - 27-январь ишемби, 4-январь - 2-март ишемби, 5-январь - 2-сентябрь ишембиге жылдырылды. Мындан сырткары, Министрлер Кабинетинин токтому менен Нооруз майрамында 4 күндүк эс алуу болот. 22-март - жума 8-апрелге жылдырылат. Ал эми май майрамдары учурунда 2-май 6-май ишембиге, 3-май 11-май ишемби күнгө жылдырылат. Белгилей кетсек, эмгек кодексине ылайык, майрам күнү дем алыш күндөргө туш келсе, кийинки иш күнү дем алыш болот.

# ЖАЛАЛ-АБАДДАГЫ СААМАЛЫК

***Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Жалал-Абад облусуна жасаган иш сапарынын алкагында Жалал-Абад шаарындагы көп батирлүү турак жай комплексинин курулуш иштери менен таанышты.***





Болжолдуу наркы 1 млрд 704 млн сомду түзгөн бул турак жай комплекси курулуп бүткөн соң муниципалдык жана бюджеттик уюмдардын кызматкерлерине жана башка жарандарга мамлекеттик ипотекалык компания аркылуу берилет.

Учурда 500 млн сом бөлүнүп, курулушту Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгынын алдындагы “Кыргызстройсервис” компаниясы жүргүзүүдө. Батирлердин саны – 639 батир, анын ичинде 1 бөлмөлүү – 288 батир; 2 бөлмөлүү – 306 батир; 3 бөлмөлүү – 45 батир.



# СЫЙГА ТАТЫКТУУЛАР КӨП БОЛСУН

***МинКаб Төрагасы Акылбек Жапаров Министрлер Кабинетинин Ардак грамоталарын жана Министрлер Кабинетинин Төрагасынын алкыш каттарын тапшырды.***

“Акыркы 2,5 жылдын ичинде биз жүздөгөн мектептерди куруудабыз жана ачып жатабыз. Бир күн мурда эле 2 мектептин ачылышына катыштым. Мамлекеттик курулуш агенттигинин маалыматы боюнча, быйыл 128 мектеп (110 жаңы мектеп жана 18 мектеп оңдоп-түзөөдөн кийин) пайдаланууга берилет. Евразия өнүктүрүү банкы, Эл аралык валюта фонду сыяктуу абройлуу эл аралык каржы институттары “Кыргызстан өнүгүү жолунда бара жатат” деп жакшы баасын берип белгилөөдө. Биздин бүгүнкү жана эртеңки күнүбүз, балдарыбыздын келечеги ар бир жумушчунун, мугалимдин, врачтын, куруучунун, энергетиктин эмгегине, кошкон салымына жараша болот. Биз өнүгүү жолуна түштүк. Бизде биримдик, береке, билим жана күчтүү саясий эрк бар”, - деди МинКаб Төрагасы.

Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык жана интеллектуалдык потенциалын өнүктүрүүгө кошкон олуттуу салымы, кесиптик ишиндеги чоң жетишкендиктери үчүн 103 адам Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Ардак грамотасы менен сыйланса, 43 адамга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын атынан алкыш жарыяланды.

**Зулпукаар САПАНОВ**